*Бабаев Д.Б., Матисаков Ж.К.*

# ОКУТУУДАГЫ КОЛДОНУЛГАН ЗАМАНБАП ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР

*Бабаев Д.Б., Матисаков Ж.К.*

# СОВРЕМЕННЫЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТЕХНОЛОГИИ, ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ В ОБУЧЕНИИ

*D.B. Babaev, Zh.K. Matisakov*

# MODERN PEDAGOGICAL TECHNOLOGIES, USED IN TRAINING

*УДК:371.125.3.69*

*Билим берүү технологияларынын түрлөрүнө анализ жүргүзүлдү. Компьютердик жана телекоммуникациялык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралды.*

*Проведен анализ по обучению видов технологий. Рассмотрены возможности использования компьютерных и телекоммуникационных технологий.*

*Analysis of the types of technology tra ning was carried out. Ability to use computer and telecommunications technologies.*

ЮНЕСКОнун аныктамасы боюнча (1) педагогикалык технология – билим берүүнүн формаларын оптималдаштырууну өзүнүн маселеси катары кабылдаган адам техникалык ресурстарын жана алардын өз ара аракеттенишүүлөрүн эсепке алган окутуу жана билимдерди өздөштүрүү процессин түзүү, колдонуу жана аныктоо үчүн системалык усул болуп саналат.

Педагогикалык технология боюнча сөз жүргөндө, анын окутуунун технологиясы деген түзүүчүсүн эсепке алуу керек. Советтик педагогдордун ичинен окутуунун технологиясы проблемасын түзүүгө В.П. Беспалько, С.Е. Каменский, М.В. Кларин, Н.Ф.Маслова, О.В. Околелов, Н.С. Пурышева, А.Я.Савальев, Г.К.Селевко [2] абдан көп салым кошушкан.

Окутуунун технологиясына сөзсүз бар болушу милдеттүү болгон илимий негизден бөлөк концептуалдуулук, системалуулук, башкарууга ийкемдүүлүгү, эффективдүүлүгү, жана кайрадан жаратууга мүмкүндүгү тиешелүү болушу зарыл.

Башка татаал системалар сыяктуу, билим берүү технологиялары сызыктуу (бир белги боюнча) классификацияга (3) ээ боло албайт. 1-таблицада билим берүү технологияларынын ар кандай белги боюнча классификациялары келтирилген.

**1-таблица. Билим берүү технологияларынын классификациялары**

| **Классификациянын белгиси** | **Билим берүү технологияларынын түрлөрү** |
|---|---|
| Колдонуу деңгээли боюнча | • Жалпы дидактикалык<br>• Предметтик жана локалдык |
| Инсандын структурасына багыттоо боюнча | • маалыматтык;<br>• Операциялык;<br>• Эмоционалдык- нравалуулук;<br>• Өз алдынча өнүгүүчү;<br>• Эвристикалык;<br>• колдонмо. |
| Окуучуга таасир этүү мүнөзү боюнча | • окутуучу;<br>• тарбия – таалим берүүчү;<br>• өнүктүрүүчү;<br>• жалпы билим берүүчү;<br>• кесиптик-багыттык;<br>• Монотехнология;<br>• Комплекстик жана политехнология;<br>• Өтүүчү |
| Окуучунун абалына жараша мамиле боюнча | • авторитардык;<br>• дидактикалык борбордук же технократиялык;<br>• инсандык – багытталган;<br>• кызматташуунун технологиясы |
| Педагогдун жана окуучунун өз-ара аракеттенишүү мүнөзү боюнча | • жайылган;<br>• циклдик (чачыраган);<br>• жекече –багытталган;<br>• вербалдык;<br>• автоматташтырылган; |
| Окутуу процессин уюштуруу жана башкаруу типтери боюнча | салттуу;<br>аудиовизуалдык каражаттарды колдонуу менен;<br>«аудитор» же «консультант» системасы;<br>Өз алдынча окуу үлүшү басымдуу болгон окутуу;<br>Окуучулары аз группалардагы окутуу;<br>Компьютердик окутуу;<br>система «репетитор»;<br>«программалык» окутуу. |

Окуу сабактарынын өнүккөн спектрлерин, окуу-ишмердүүлүгүн, таанып-билүүнү башкаруу ыктарын, ошондой эле билим берүүнүн жогорку деңгээлин, инсандык жана кесиптик – багытталган маселелерди эске алуу менен жогорку билим берүү чөйрөсүндө ар кандай түрдөгү билим берүүнүн технологияларынын белгилерин айкалыштырган комплекстик билим берүү технологиясы приоритеттүү болуп саналат.

Азыркы учурда педагогикалык технологияларды түзүүнүн үч негизги илимий багыты түзүлдү.

Биринчи багыты мурда түзүлгөн, иш жүзүндө, баардыгына маалым окутуунун усулдарын технологиялык деңгээлге жеткирүү жана практикалык колдонуу болуп саналат. Алар кандай гана болбосун педагогикалык практикада колдонулат (П.Я. Гальпериндин жана Н.Ф. Талызинанын акыл аракеттерин этаптуу калыптандыруу теориясына негизделген усулдар; П.М. Эрдниевдин дидактикалык бирдиктерди ирилештирүү теориясына негизделген усулдар; окутууну өнүктүргөн теориясына негизделген усулдар ж.б.).

Экинчи багыт – автордук окутуунун технологияларын түзүү. Бул технологиянын негизинде дайыма автордун көп жылдык тажрыйбасына негизделген иши турат, мында авторго тиешелүү көз караштардын системасы чагылдырылат (мисалы, Ш.А. Амонашвилинин гумандуу – инсандык технологиясы; Е.Н.Ильиндин инсандык – калыптандыруучу технологиясы; В.Ф.Шаталовдун таяныч сигналдарына негизделген окутуунун технологиясы ж.б.).

Үчүнчү багыт – белгилүү болгон билим берүүнүн технологияларын модернизациялоо жана адаптациялоо механизмдерин түзүү.

ЖОЖдорго жаңы аппараттык, программалык жана техникалык каражаттардын келиши маалымат билим берүү технологиясы кеңири кулач жайышына алып келди, өз кезегинде аны изилдөө үчүн Б.С. Гершунский, А.Л.Денисова, А.Н. Тихонова, И.В. Марусева, И.В. Роберт, Е.Ю. Семенова ж.б. педагогдор жумуштарын арнашты. Маалымат билим берүү технологиясы – эсептөө жана башка маалымат техникасын колдонууга негизделген билим берүү, илимий изилдөө жана башкаруу технологиясы, ошондой эле атайы программалык, маалыматтык жана усулдук камсыздоо. Маалыматтык технологиялар жалпы арналыштагы техникалык каражаттарга багытталышы (3), же электрондук окуу китептери (4), автоматташтырылган окутуу системалары (5), мультимедиялык системалар, электрондук китепкана каталогдору, локалдык жана бөлүштүрүү тармактары ж.б.у. сыяктуу атайы техникалык каражаттарына багытталышы мүмкүн. Маалыматтык технологиянын дистанциялык билим берүүдөгү (6) жетектөөчү ролун да айта кетпесек болбойт. Окуу жайларында маалымат технологияларын активдүү өнүктүрүү жана массалык жайылтуунун натыйжасында программалап билим берүү концепциясы өнүгүү үчүн абдан зор өбөлгө алды. Билим берүүнүн маалыматтык технологиялары комплекстүү, абдан ар түрдүү жана көп жактуу болгону менен башка технологияларды алмаштыра албайт, алардын колдонулушун жокко чыгара албайт. Азыркы учурда көп сандагы окутуунун жалпы жана жекече технологиялары бар. Алардын ар бири өз-өзүнчө пайдалуу. Башка технологияларды кайсы бир деңгээлде маалымат технологиясынын элементтери толуктоо окуу процессине маалымат маданиятын тез жана жабыркатпай киргизүүгө шарт түзөт. Анан дагы, А.А. Машиньяндын изилдөөлөрү көрсөткөндөй, окутуунун инсандык – багытталышына өбөлгө болгон билим берүүнүн мекемелеринин типтеринин же түрлөрүнүн көп түрдүүлүгү, ар бир конкреттүү окуучуга багытталган жекече окутуунун технологияларынын түзүлүшүнө жана ишке ашырылышына алып келет. Педагогикалык технологияларды түзүүнүн эң эле эффективдүү усулу болуп атайы педагогикалык технологияларды адаптациялоого жана ишке ашырууга негизделген долбоорлоо саналат. Маалымат технологияларынын күндөлүк жашоодо жана адамзаттын ишмердүүлүгүнүн баардык чөйрөлөрүндө эффективдүү колдонулушу ар кандай педагогдордун жекече технологияларында окутуунун маалымат технологияларын биринчи кезекте адаптациялоо зарылчылыгына түртөт. Азыркы учурда, педагогикалык процессте маалымат технологиясынын ролу эки жактуу: бир жагынан ал изилдөөнүн обьекти катары саналса, экинси жагынан, ал маанилүү дидактикалык каражат болуп саналат. Педагогикалык илимдин көз карашы боюнча бул кубулуштун экинчи жагы чоң кызыкчылыктары жаратат. Маалымат технологиясын педагогикалык процесске киргизүү кандай таасир берет? Маалыматтык билим – берүү технологияларынын элементтери билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн кандай дидактикалык талаптарга жооп бериши керек? Бул суроолорго жооп берүү үчүн көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн изилдөөлөрүн арнашкан. Бул изилдөөлөргө ылайык, заманбап компьютердик жана телекоммуникациялык технологияларды колдонуу төмөндөгү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- билим берүүнүн маңызын уюштуруу жана структуралаштыруу;
- максаттык, мотивациялык, мазмундук, операциялык – ишмердүүлүк, текшерүүчү коррекциялык, жыйынтык – баалоочу сыяктуу билим берүү процессинин элементтерин байланыштыруу;
- маалыматтардын ар кандай түрлөрүн колдонуу;
- курстун мазмунунун модулдуулугу жана анын фрагменттерине ыкчам жетүү;
- курстун материалын системалаштыруу;

- ар бир сабакты билим берүү аракетинин системасы катары иштеп чыгуу;
- билим берүү аракетин жөнөкөөй аракеттердин жыйындысы катары сунуштоо;
- материалды окуп үйрөнүүнүн удаалаштыгын иштеп чыгуу;
- окуучунун өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу материалынын мазмунун адаптациялоо;
- материалга таянуу;
- кесиптик дискуссияларды окуу максаты үчүн колдонуу.

Маалымат технологияларын колдонуу учурунда студенттердин да, окутуучулардын да ишмердүүлүгү сапаттуу түрдө өзгөрөт. Ал кызматташуу мүнөзүнө ээ болуп, окуу кырдаалына тереңдеп кирүүгө мүмкүнчүлүк ачат. Билим берүү процесси чогуу өнүгүү процесси катары аныкталып, мазмунунда, ишмердүүлүк теориясы процесстеги баардык субъекттердин прогрессивдүү өзгөрүүсүнө алып келет.

Маалымат технологияларды прогаммалык каражаттарсыз элестетүү мүмкүн эмес, анткени алар окуучунун жана педагогдун окуу ишмердүүлүгүн жеңилдетип, жалпылаган арачы болуп саналышат.

**Адабияттар:**

1. Образцов П.И., Психолого-педагогические аспекты разработки и применение в вузе информационных технологий обучения.- Орловский государственный технический университет - Орел, 2000.- 145с.
2. Селевко Г.К., Современные образовательные технологии: Учебное пособие.- М.: Народное образование, 1998.-256 с.
3. Аналитический обзор международных тенденций развития высшего образования // Аналитические обзоры Центра проблем развития образования Белорусского государственного университета. -2002. -№4. http//charko.narod.ru/index14html
4. Ерофеева Г.В. Курс физики в техническом университете на основе применения информационных технологий.- Томск: Изд-во Томского политехнического университета,2004- 248 с.
5. Мануйлов В., Федоров И., Благовещенская М. Современные технологии в инженером образовании // Высшее образование в России.- 2003.- №3. – С.117-123.
6. Стародубцев В.А., Компьютерные и мультимедийные технолонии в естественнонаучном образовании.- Томск: Дельтаплан,2002.-224 с

**Рецензент: д.ф-м.н., профессор Ташполотов Ы.**